**БЕКИТЕМИН**
НМУнун окуу иштери боюнча
проректору_________________ Чоробаева Н.

“ 12 ” 07 2024-ж.

## САПАТ МЕНЕДЖМЕНТ СИСТЕМАСЫ

## УСУЛДУК НУСКАМА

### БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРДҮ ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ МАМЛЕКЕТТИК АТТЕСТАЦИЯЛООНУ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА НУСКАМА

**СМС УН 4.05 - 2024**
**2 ЧЫГАРЫЛЫШ**

Нарын, 2024

**КИРИШҮҮ**

1. Бул нускама НМУнун мамлекеттик аттестациялык комиссияларынын мүчөлөрү жана
бүтүрүрүүчүлөрү үчүн иштелип чыкты.
2. Бул нускама жогорку кесиптик билим берүү программаларынын бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоону уюштуруу максатында иштелип чыкты.
3. Бул нускама мамлекеттик аттестациялык сыноолорду өткөрүүнүн тартибин аныктайт.
4. Нускама НМУнун Окуу башкармалыгы тарабынан иштелип чыкты.

НМУнун окуу иштери боюнча проректорунун 2024-ж. "16" 04 №01-4/109 буйругу менен ишке кирген.

6. **Документ НМУнун жетекчилигинин уруксаты жок берилүүгө, даярдалууга, көчүрүлүүгө жатпайт.**

## МАЗМУНУ


1. КОЛДОНУУ ОБЛАСТЫ .......... 3
2. НОРМАТИВДИК НЕГИЗ.......... 3
3. КЫСКАРТУУЛАР.......... 3
4. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР.......... 4
5. МАМЛЕКЕТТИК АТТЕСТАЦИЯЛЫК СЫНООЛОРДУ ӨТКӨРҮҮНҮН ТАРТИБИ.......... 5
6. БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРДҮН КВАЛИФИКАЦИЯЛЫК ИШТИ ЖАКТОО БОЮНЧА ДАЯРДЫК КӨРҮҮ ЖАНА ӨТКӨРҮҮ ТАРТИБИ.......... 5
7. ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ КОРУТУНДУЛАР.......... 6

## 1. КОЛДОНУУ ОБЛАСТЫ

1. Бул нускама мамлекеттик аттестациялык сыноолорду алыстан өткөрүүнүн тартибин жетектейт.
2. Бул нускамадагы талаптар НМУнун профессордук-окутуучулук курамына жана бүтүрүүчүлөрүнө милдетүү.

## 2. НОРМАТИВДИК НЕГИЗ

Бул нускама төмөнкү көрсөтүлгөн нормативдик документтердин негизинде иттелип чыкты.

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-июнундагы №346 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндө" Жобо;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 26-июнундагы №354 токтому менен бекитилген билим берүү программаларын ишке ашырууда аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу тартиби;
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин 2021-жылдын 15-сентябрындагы №1578/1 буйругу менен бекитилген Жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттары;
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин 2020-жылдын 11-майындагы №363 Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларында окуу жылын аяктоо боюниа чаралар жөнүндө буйругуна.

## 3.КЫСКАРТУУЛАР

КР - Кыргыз Республикасы;
ББМ - билим берүү жана илим министрлиги;
НМУ - Нарын мамлекеттик университети;
МАК - мамлекеттик аттестациялык комиссия;
МББС - мамлекеттик билим берүү стандарты;
БКИ - бүтүрүүчү квалификациялык иш.

## 4.ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

4.1.Мамлекеттик аттестациялык сыноолордутартибин аныктайт.
4.2. Мамлекеттик аттестациялык сыноолор МАК тарабынан жогорку кесиптик билим берүүнүн МББС ылайык НМУнун студенттеринин даярдыгын аныктоо максатында жүргүзүлөт.
4.3. Мамлекеттик аттестациялык сыноого жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарынын талаптарына ылайык ЖОЖ тарабынан иштелип чыккан, жогорку кесиптик билим берүү багыты (адистиги) боюнча негизги билим берүү программасын толук көлөмдө ийгиликтүү өздөштүрүп бүткөн жана мурдагы курстарда академиялык карыздары жок студенттер киргизилет.
4.4.Мамлекеттик аттестациялык сыноону өткөрүү факультеттер, тиешелүү кафедралар жана окуу башкармалыгы тарабынан тийиштүү каражаттарды колдонуу менен ашырылат.

## 5.МАМЛЕКЕТТИК АТТЕСТАЦИЯЛЫК СЫНООНУ ӨТКӨРҮҮНҮН ТАРТИБИ

5.1 Мамлекеттик аттестациялык сыноолордун формасы жана өткөрүү шарттары, мамлекеттик экзамендердин программалары, белгиленген тартипте бекилген консультацияларды, жалпыланган лекцияларды жана мамлекеттик экзаменди өткөрүүнүн мөөнөттөрү студенттерге биринчи мамлекеттик аттестациялык сыноого чейин бир ай мурда маалымдалат.

5.2. Мамлекеттик аттестациялык сыноолор видео көзөлдөө менен атайы дайындалган аудиторияларда өткөрүлөт.

5.3. Мамлекеттик аттестациялык сыноолор үчүн суроолор белгиленген тартипте бекитилип, атайы бүтүрүүчүлөр үчүн маалымат доскаларга жайгаштырылат.

5.4. Мамлекеттик аттестациялык сыноолордо ар бир студентке 30 минут убакыт МАЭнин программасы менен белгиленет жана бекитилет.

5.2. Мамлекеттик сынактарга чейин 10 күн мурда бүтүрүүчүлөргө обзордук лекциялар уюштурулат аттестациялык жана мамлекеттик аттестациялык мамлекеттик сынакты өткөрүүнүн форматын тушүндүрүү жүргүзүлөт.

5.3. ЖОЖдун бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоонун сынагынын түрлөрүнө төмөнкүлөр кирет:

- бүтүрүүчү квалификациялык ишти жактоо;
- мамлекеттик экзамен.

5.4. Мамлекеттик аттестациялык сыноолордун баалары бүтүрүүчүлөргө сынак өткөрүлгөн күнү угузулат.

5.5. Сынак өткөрүлгөндөн кийин ведомостторго баалар коюлат жана МАКтын мүчөлөрү кол коюшат.

5.6. Мамлекеттик аттестациялык сыноолор бүткөндөн кийин МАКтын төрагасы окуу бөлүмүнө отчетун берет.

## 6.БҮТҮРҮҮЧҮ КВАЛИФИКАЦИЯЛЫК ИШТЕРДИ ЖАКТОО БОЮНЧА ДАЯРДЫК КӨРҮҮ ЖАНА ӨТКӨРҮҮ ТАРТИБИ

6.1. Бүтүрүүчү квалификациялык ишти даярдоо тартиби тиешелүү кафедра тарабынан бүтүрүүчүлөргө маалымдалат. Кафедра башчылары жана БКИнин жетекчилери студенттерге БКИни аткаруу графиги тууралуу маалымат берет.

6.1. БКИни жактоо профедурасына киришүү үчүн студенттер 100% даярдыкка ээ болуусу зарыл.

6.2. Бүтүрүүчү кафедра башчылары жана БКИнин жетекчилери бүтүрүүчүлөр менен туруктуу байланышты камсыздашы керек.

6.3. БКИни алдын ала жактоо белгиленген тартипте бекитилген графикке ылайык илим боюнча проректордун катышуусунда жүргүзүлөт. Алдын ала жактоонун жыйынтыгы боюнча кафедранын отурумунда студенттерди жактоого киргизүү жөнүндө чечим кабыл алынат.

6.4. Жактоо процедурасы башталганга чейин 10 күндөн кечиктирбестен студенттер кафедра башчысына БКИ менен байланышкан бардык материалдарды (БКИ) өткөрүп беришет.

6.5. МАКтын отурумдарын жана бүтүрүүчүлөрдүн чыгып БКИни жактоосун уюштуруу үчүн зарыл болгон БКИге байланыштуу материалдарды кафедра башчысы МАКтын катчысына БКИни жактоого чейин 2 күн мурда берет.

6.6. Бүтүрүүчүлөрдүн МАКтын мүчөлөрүнүн алдында чыгып жактоосунун кезегинин тизмеси кафедра тарабынан түзүлөт жана студенттерге алдын ала маалымдалат.

6.7. Кафедра башчылары студенттерге БКИни жактоо үчүн МАКтын отурумунун графиги жөнүндө алдын ала маалымат беришет.

6.8. БКИни жактоого чейин 2 күн мурда техникалык каражаттардын жарамдуулугун (интернеттин ылдамдыгы, микрофондун, ундун, камеранын иштетин ж.б.) текшерүү, ошондой эле студенттерге жана малекеттик аттестациялык комиссиянын мүчөлөрүнө мамлекеттик сынакты өткөрүүнүн форматын түшүндүрүү максатында отурум жүргүзүлөт.

6.9. БКИни жактоо МАКтын курамынын үчтөн эки бөлүгүнүн катышуусу менен ачык отурумда өткөрүлөт. МАКтын отурумунун узактыгы 6 сааттан ашпоосу зарыл.

6.10. БКИнин жактоонун жана экзамендин алдында бүтүрүүчү паспортун көрсөтөт.

6.11. Кезектүүлүк тизмесине ылайык жана идентификациялоо процедурасынан кийин бүтүрүүчү студентке МАКтын мүчөлөрүнүн алдында чыгып сүйлөө үчүн убакыт берилет. Чыгып суйлөө үчүн ар бир студентке 15-20 мүнөт убакыт берилет. Чыгып сүйлөөдөн кийин студентке суроолор берилет.

6.12. МАКтын мүчөлөрү коллегиялык негизде купуя кеңешишет жана студенттерге баа коюшат. Андан кийин МАКтын төрагасы тарабынан баалар жарыяланат.

## 7. ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ КОРУТУНДУЛАР

7.1. Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын бардык чечимдери протоколдор менен таризделет.

7.2. МАКтын отурумдарынын жүрүү процессин видеого жаздыруу зарыл. МАКтын отурумунун видео жазуулары компакт диске жаздырылат жана отурумдардын протоколдору менен бирге сакталат.

7.3. МАКтын катчысы МАКтын отурумдарынын протоколдорун толтурат, аларга МАКтын мүчөлөрү кол коюшат.

7.4. Факультеттердин декандары жана түзүмдук бөлүмдөрдүн директорлору, тийиштүү кафедралардын башчылары бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияларынын жалпы уюштурулушуна туздөн-түз жоопкерчилик тартат.

7.5. Жыйынтыктоочу аттестациялык сыноолорго жүйөлүү себептер (документ менен тастыкталган медициналык көрсөтмөлөр, үй-бүлөлүк жагдайлар боюнча) менен катышпай калган студенттерге университеттен чыгаруусуз жыйынтыктоочу аттестациялык сыноолордон өтүү мүмкүнчүлүгү берилет.

7.7 Мамлекеттик аттестациялоо комиссиясын төрага жетектейт, ал комиссиянын ишин уюштурат жана көзөмөлдөйт, бүтүрүүчүлөргө талап кылынган талаптардын бирдейлигин камсыз кылат.

---- ДОКУМЕНТТИН АЯГЫ -------------------------

**ИШТЕЛИП ЧЫКТЫ:**
Окуу башкармалыгынын башчысы Касымова Г.А..

МАКУЛДАШЫЛДЫ:
Окуу иштери боюнча проректор Чоробаева Н.А.